# Төлөмдөрдү кабыл алуу келишимине карата эрежелер

Ушул Эрежелер Төлөмдөрдү кабыл алуу келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат

## 1. Аныктамалар

**Ишкана** – Банк менен төлөм инструменттеринин (ЭЛСОМ электрондук капчыгы, төлөм терминалдары (ТТ), KICB интернет-банкинг (мындан ары KICB)) жардамы менен кошууга жана кызмат көрсөтүүгө келишим түзгөн жана Банк тарабынан анын кызыкчылыктарын көрсөтүүгө ыйгарым укук берилген юридикалык жак же жеке ишкер.

**ЭЛСОМ** – төлөөчүгө (электрондук капчыктын ээсине) мобилдик телефон аркылуу электрондук капчыкты башкаруу мүмкүндүгүн алуу мүмкүнчүлүгүн берген мобилдик финансылык кызмат көрсөтүүлөр системасы (ЭЛСОМ системасы). Мобилдик телефондун жардамы менен төлөөчү товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча, башка төлөөчүлөргө акча каражаттарын которуу, Банктан жана дистрибьюторлордон акча каражаттарын алуу боюнча операцияларды жүргүзө алат.

**Төлөөчү –** электрондук капчыкты, KICB жана ТТ пайдалануу менен операция жүргүзүүгө укугу бар жеке/юридикалык жак.

**Банктын агенти** – калктан төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча кызмат көрсөтүүгө алдын ала келишим түзгөн ыйгарым укуктуу жак.

**Банк -** «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК.

## 2. ЭЛСОМ системасына кирүү мүмкүндүгүн уюштуруу жана анын менен иштөө тартиби

2.1. Банк ушул Келишимди түзгөн учурдан тартып 5 (беш) календардык күн ичинде ЭЛСОМ системасында тиешелүү эсепке алуу жазуусун түзөт жана Ишканага Системага кирүү мүмкүндүгүн берет.

2.2. Ишкана жана Банк ЭЛСОМ системасында финансылык көрсөткүчтөргө байланыштуу Маалыматтын купуялуулугун, Ишкананын ченемдик-укуктук документтерин жана анын үчүнчү жактарга жеткиликтүү эместигин сактоону, алардын бул маалыматтын (анын бир бөлүгүнүн) чыгып кетишинин мүмкүн эместигине багытталган бардык зарыл жана алардан көз каранды болгон сактык чараларын сактоосун кепилдейт.

2.3. Тараптар https://www.elsom.kg ресурсунда жайгаштырылган бардык маалымат электрондук капчыктарды тейлөө боюнча программанын иштөөсүнө байланыштуу маалыматты өз убагында алуу үчүн, ошондой эле Банктын эрежелери, ченемдери жана сунуштамалары менен таанышуу үчүн Ишкана тарабынан пайдаланылышы керектигин макулдашты.

## 3. Пикир келишпестиктерди жөнгө салуу жана талаштарды кароо

3.1. Ушул Келишимди аткарууда келип чыккан бардык талаштар жана пикир келишпестиктер мүмкүн болушунча Тараптар ортосундагы түз сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет. Талаштуу маселелерди кароо мөөнөтү 15 (он беш) жумуш күнү деп белгиленет. Талаштуу маселелерди сүйлөшүүлөр аркылуу чечүү мүмкүн болбогон учурда Тараптар муну менен Келишимден келип чыккан же ага байланыштуу бардык талаштар, анын ичинде Келишимди түзүүгө, бузууга, токтотууга же жараксыздыгына тиешелүү талаштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечиле турганын макулдашты жана таанышат.

3.2. Тараптар ушул Келишим менен пикир келишпестиктерди сүйлөшүүлөр аркылуу чечүү мүмкүн болбогон учурда ушул Келишимден келип чыккан жана/же аны менен байланыштуу талаштар, анын ичинде ушул Келишимди түзүүгө, бузууга, токтотууга же жараксыздыгына тиешелүү талаштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечиле турганын аныкташты.

## 4. Форс-мажор

4.1. Төлөм системасынын/төлөм инфраструктурасынын иштөө эрежелеринин жана технологияларынын алкагынан чыккан жана аларды чечүү үчүн Тараптардын персоналынын атайын уюштурулган ишин талап кылган штаттан тышкаркы кырдаал же системалык тобокелдиктер жаралганда, Тараптар аны аныктаган учурдан тартып 24 (жыйырма төрт) саат ичинде Төлөмдөрдү кабыл алуудагы/жүргүзүүдөгү тыныгуулардын башталганы жөнүндө бири бирине кабарлоого милдеттенишет.

4.2. Штаттан тышкаркы кырдаалды чечүүнү аяктагандан кийин Тараптар бири бирине ал жабылган учурунан тартып 24 (жыйырма төрт) саат ичинде Тараптардын өз ара аракеттенүүсү бөлүгүндө келип чыккан көйгөйлөрдүн жабылышы жөнүндө бири бирине кабарлоого милдеттенишет.

4.3. Өз ара эсептешүүлөр боюнча бардык милдеттенмелер штаттан тышкаркы кырдаалдын пайда болуу фактысынан көз карандысыз Тараптар тарабынан аткарылышы керек.

4.4. Тарап эгерде бул аткарбоо Келишимди түзгөндөн кийин, Тарап алдан ала билбеген, акылга сыярлык чаралар менен алдын ала албаган өзгөчө мүнөздөгү жагдайлардын жыйынтыгында пайда болгон жеңилгис күч жагдайларынын кесепети болсо, ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди жарым-жартылай же толук аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат. Мындай жагдайларга кирет: жалпы мүнөздөгү телекоммуникациялык үзгүлтүккө учуроолор, суу ташкыны, өрт, жер титирөө жана башка табигый көрүнүштөр, ошондой эле согуш, аскердик иш-аракеттер, революция, аскердик төңкөрүштөр, террористтик актылар, өкмөт/көзөмөл органы тарабынан эскертүү, буйрук же башка административдик кийлигишүү же кандайдыр бир башка токтом, административдик же өкмөттүк чектөөлөр, ошондой эле ал үчүн Тараптардын бири дагы жооп бербеген башка окуялар.

4.5. 4.4-пунктта көрсөтүлгөн жагдайлар башталганда милдеттенмелерди аткаруусуна алар тоскоол болгон Тарап эгерде тиешелүү компетенттүү органдын документ жүгүртүүсү менен башка мөөнөт белгиленбесе, 3 (үч) жумуш күнүнөн кеч эмес ал тууралуу жазуу жүзүндө башка Тарапка кабарлоого тийиш. Кабарлоо жагдайлардын мүнөзү жөнүндө маалыматты, бул компетенттүү мамлекеттик же башка уюм тарабынан тастыкталышы керек, ошондой эле мүмкүн болушунча, алардын Тараптын Келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу мүмкүнчүлүгүнө жана милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтүнө тийгизген таасирин баалоону камтууга тийиш. Компетенттүү мамлекеттик органдардын маалым каты, ошондой эле форс-мажордук жагдайлардын башталгандыгынын башка далилдери форс-мажордук жагдайларды келип чыгышы жана таасири айкын же жалпы белгилүү болгон учурларда тиркелбейт.

4.6. Эгерде 4.4-пунктта көрсөтүлгөн жагдайлар 60 (алтымыш) календардык күндөн ашык созулса, Тараптар Келишимди бир тараптуу соттон тышкаркы тартипте бузууга укуктуу, мында Тараптар Келишимди аткарууда келип чыккан финансылык милдеттенмелер боюнча өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүшү керек.